**Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебиндеги**

**2022-2023-окуу жылында**

***№ 1 педагогикалык кеңешмесинин протоколу***

**30.08.2022-жыл.** **Орто-Суу айылы**

Темасы: **2022-2023-окуу жылындагы аткарылган иштерди талдоо, алдыга коюлган 5 жылдык стратегиялык милдеттер жана максаттар жана мектептин миссиясын аныктоо**

Чогулуштун төрайымы: Акматалиева Н.К.
Катчысы: Койчукенова Ч.К.
Катышкандар: 17 мугалим

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 2021-2022-окуу жылынын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы;
2. Мектептин 5 жылдык стратегиялык планын, максатын кабыл алуу жана жаңы окуу жылынын милдеттерин, мектептин миссиясын аныктоо;
3. Окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү;
4. Мектептин жылдык иш планын бекитүү;
5. Уюштуруу иштери жаңы окуу жылына карата жаңы багыттар.

**Угулду:**

**1-маселе:** 2021-2022-окуу жылынын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жана жаңы окуу жылынын милдеттери боюнча, мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бейзеева Жанара сүйлөдү:

2021-2022-окуу жылынын билим сапатынын анализдери менен тааныштырып, мурунку окуу жылдарга салыштырмалуу бир аз өсүү байкалганын айтты. Ошону менен бирге ар бир класстын билим сапатына токтолуп кетти.

1.Мектептин жалпы статистикалык маалыматы
2.Мектептеги кадр маселеси жана кадр менен толуктоодогу иш-аракеттер;
3.Тарбиялык багыттагы иш-чаралар жана натыйжалар;
4.Окуу иштери боюнча аткарылган иш-чаралар жана жыйынтыктар;
5.Мектептин финансылык каржылануусу, курулушу жана капиталдык ремонту боюнча маалымат берди. Өткөн окуу жылына анализдин матрицасын иштеп чыкты.

*(Билдирүүлөр папкага тиркелет.)*

Мектеп директору Н.Акматалиева:

Жаңы окуу жылында мектеп проблемасы, максаттары жана милдеттерин Н.К.Акматалиева белгилеп кетти:

Негизи мектепте ар бир окуу жылына түзүлгөн иш пландын негизинде жалпы окуу процессинде өзгөртүүсүз иш алып барууга болбойт. Бирок, ар бир окуу жылында максаттар жана милдеттер коюлат. Быйылкы окуу жылына карата коюлган негизги максаттар:

- окуучулар менен жекече иштөө, сабак учурунда окуучунун деңгээли боюнча тапшырма берүү менен ар бир окуучуну бардык предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана алардын жыйынтыгын чыгаруу.

**Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты:**

Мектептин билим берүүдөгү стратегиялык планы.

1. Билим берүү багытынын компетенттуулук багытка өтүүнү ишке ашыруу.
2. Мамлекеттик стандартты үйрөнүү жана аткарууга алуу.
3. ЖРТда 150 баллдан ашыруу.
4. Жалпы билим сапатын 2% көтөрүү.

Техникалык базаны чыңдоо.

1. 1-4-класстын окуучуларына ысык тамак уюштуруу учун ар дайым камсыздап туруучу демөөрчүлөрдү табуу.
2. Мектепти толук интернеттештирүү.
3. Видео көзөмөл орнотуу.
4. Актовый зал салдыруу.
5. АЧД кабинетин ачуу.
6. Класс кааналарды жабдуу.
7. Мектептин терезелерин пластикке которуу.
8. Техникалык каражаттар (проектор, акылдуу доска, компьютерлер).
9. НПОлор менен байланышты күчөтүү.

Келерки 5 жылга карата мектептин стратегиялык максаттары:

Окуучуларга инновациялык усул аркылуу терен билим беруу менен ыймандуулукка тарбиялоо. Өзүн – өзү өнүктүрүү програмасынын негизинде стратегиялык максаттарды ишке ашыруу жана күтүлгөн жыйынтыкка

жетишүү, жөндөмдүү балдарды өстүрүү,сапатуу билим берүү чөйрөсүн түзүү.

**Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты:**

1. Окуучуларга инновациялык усул аркылуу терең билим беруу менен ыймандуулукка тарбиялоо. Өзүн – өзү өнүктүрүү програмасынын негизинде стратегиялык максаттарды ишке ашыруу жана күтүлгөн жыйынтыкка жетишүү, жөндөмдүү балдарды өстүрүү, сапатуу билим берүү чөйрөсүн түзүү.

2. Ар тараптуу терең билимге ээ болгон Кыргыз Мамлекетинин өсүп-өнүгүшүнө салым кошо турган, интелектуалдык потенциалы жогору болгон окуучуларды бүтүрүп чыгаруу.

3. Окуучулардын ар тараптуу өнүгүшүнө,билим алуунун жогорку деңгээлине жетүүгө даяр, кесип тандоого, информациялык технологиялар жана жөндөмдүү, компетентүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

4. Мектептин заманбап материалдык–техникалык базасын чындоо, ата-эне, коомчулук, НПОлор менен байланышты күчөтүү, талаптарга жооп берген сапаттуу жана жеткиликтүү билим берүүнү камсыз кылган бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн түзүү;

5. Педагогикалык жамааттын кесиптик-чеберчилигин жогорулатуу жана камсыз кылуу;

**Жарыш сөзгө:**

Көзөмөлчүлүк кеңешинин тоайымы Джанакова А.Дж. өз сөзүндө стратегиялык планда көрсөтүлгөндөрдүн бир топ жеңилин, быйылкы окуу жылынан баштап ишке ашыруу учун өзүнө милдеттенме алды, калган курулуш иштерин ишке ашыруу учун коомчулукту да тартам деп билдирди.

Мектеп директору Н.Акматалиева сүйлөдү.

**Мектептин миссиясы:**

**«Алган билимин пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба алган активдүү, билимдүү окуучуларды тарбиялоо»**

**Милдети:**

1. Сабак эффективдүү болуу үчүн, сабак өтүүдө инновациялык технологияларды көбүрөөк колдонуп, электрондук сабактарды өтүүнү үйрөнүү, электрондук китеп түзүү керек;
2. Ар кандай интерактивдүү методдорду кеңири колдонуу зарыл.

3. Ар бир өтүлгөн сабакка жыйынтык чыгарууну дагы тереңдетүү;
4. Сабактын структурасын так, даана сактоого, сабактын максаттарын туура коюп, ишке алуусун анализдеп, мониторинг чыгара билүүнү тереңдетүү;
5. Өз билимин өркүндөтүү курстардан өтүү;
6. Билим саппатын жакшыртуу максатында окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгууларын арттыруунун үстүндө эмгектенүү;
7. Окуучуларга замандын талабына ылайыктуу тарбия берүү;
8. Таланттуу жана начар окуган окуган окуучулар менен иштөөнү терендетүү, контролду күтөт, олимпиадаларда ийгиликтерге жетишүү;
9. Инновациялык технологияны колдонууну турукташтыруу, аудио-видео сабактарды пайдалануу;
10. Окуучуларды олимпиадага даярдоо боюнча иш-чараларды өтүү;
11. Электрондук журналды, электрондук күндөлүктү дагы терендетип, колдонуп, өркүндөтүү керектигин айтып, мектеп жамаатын тааныштырды, мугалимдер бир добуштан макул болушту.

**Күтүлүүчү жыйынтыктар:**

Талапка ылайык ар түрдүү деңгээлдеги окуучулар менен жекече иштөө, ар бир окуучу менен иштөөнүн жолун билүү;
-окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен ар кандай иш тажрыйба топтоо;
-жакшы сабактардын иштелмелерин жаш мугалимдер арасында жайылтуу;
-окуучулардын жөндөмдөрүн эске алуу менен түрдүү формадагы долбоорлорго, конкурстарга катышуунун жыйынтыгын талдоо.
-Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жолдорун издөө;

**Жалпы анализ:**

Мектептин билим берүү программасы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына толугу менен дал келет. Билим берүү программасы 2022-2023-окуу жылы үчүн Базистин окуу планы КРнын Билим берүү жана илим минисирлигинин 2022-жылдын 5-августундагы № 1529/1 буйругунун негизинде иштелип чыккан. Окуу планында окуу предметтеринин тизмеси, ага каралган сааттардын саны, билим берүүнүн мазмуну, анын приоритеттүү багыттары жана окуу дисциплиналарынын циклдарынын ортосундагы сандык катнаштарын мүнөздөгөн документ

биргелешип, (БББ) бекитилип, окутуу улантууда. Мектеп мугалимдери да бардык мугалимдер сыяктуу көп кыйынчылыктарга, жетишкендиктерге жетишишти.

Окуучулардын жалпы өздүк курамына токтолсок жыл башында 201 окуучу кабыл алынган. Окуучулардын жыл ичинде келип-кетүү дайыма контролго алынды. Мектеп ичинде жалпы билим сапаты чейрек бою ар бир предмет боюнча такталып, мониторинг жүргүзүлдү. Кээ бир мугалимдер педагогикалык квалификациясын онлайн жогорулатышты. " Жаңы инновациялык метод менен иштөөнүн өзгөчөлүгү жана ишке ашыруу максатында мугалимдердин көбү онлайн курс окушту.

Мугалимдердин кошумча-алымча өзгөртүүлөрүн, сунуштоолорун ортого салууну өтүндү.

**Жарыш сөзгө:** Орус тили жана адабияты мугалими Шералиева В.Э. чыгып:

Милдеттенмелердин туура түзүлгөнүн, замандын талабына да ылайыкташылганын, эч кандай өзгөртүүнүн кажети жок экенин билдирди.

Мугалимдер да коштоп, ошол бойдон эле калтырылышын билдиришти.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан Токтом кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштери канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Былтыркы окуу жылындагы билим сапатына салыштырмалуу билим сапатын жогорулатуу аракеттери үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.
3. Жаңы окуу жылына карата коюлган мектепти стратегиясын ишке ашыруу мектеп жамаатына, коомчулукка, айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4. Мектепте окутуп тарбия берүүдө **«Алган билимин пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба алган активдүү, билимдүү окуучуларды тарбиялоо»** деген миссиянын үстүндө иш жүргүзүлсүн.
5. Билим сапатын жана окуу жылына карата милдеттенмелердин ишке ашырылышын көзөмөлдөө мектептин ОТИ боюнча директордун орун басары Бейзеева Жанарага милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы: Н.К.Акматалиева**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы: Ч.К.Койчукенова**

**2-маселе:** Окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү боюнча Акматалиева Н.К. маалымат берди:
Базистик окуу пландарында берилген сабактардын сааттары усулдук бирикмелерде каралып чыкты. Усулдук бирикме мүчөлөрү макулдук менен сааттарды бөлүштүрүп өз сунуштарын беришти.

**2.1. 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин окуу жүктөмдөрү төмөнкү тартипте бөлүштүрүлдү:**

| № | Ф.И.О | | Жумалык жүктөм | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1-4 | 5-9 | 10-11 | Комп | Бард. |
| 1. | Акматалиева Н.К. | Кыргыз тили жана адабияты | 9 | | - | | 9 |
| 2. | Айдаркулова А.Н. | Тарых, адам коом | | 14 | 6 | | 20 |
| 3. | Бектурова С.К. | математика | | 16 | 8 | | 24 |
| 4. | Касымалиева А.Т. | Физика, математика | | 10 | 6 | | 16 |
| 5. | Жунушакунова А. | География, таб.таан. комп. | | 10 | 1 | 1 | 12 |
| 6. | Шералиева В.Э. | Орустили жана адабияты | | 13 | 8 | | 21 |
| 7. | Кыдырмаева Д.М. | Кыргыз тили жана адаб. музыка | | 25 | | | 25 |
| 8. | Койчукенова Ч.К. | Англис тили | | 14 | 4 | | 18 |
| 9. | Крыкбаева Э.Э. | Химия, биология | | 12 | 6 | | 18 |
| 10 | Бейшебаева З.Т. | Кырг.тили жана адаб. комп. | | 6 | 11 | 1 | 18 |
| 11 | Каданбаева А.К. | Англис тили | 11 | 7 | | | 18 |
| 12 | Бообекова Н.Ж. | Башталгыч класс | 18 | | | | 18 |
| 13 | Аманкулова А.М. | Башталгыч класс | 12 | | | | 12 |
| 14 | Бейзеева Ж.К. | Башталгыч класс | 10 | 6 | | | 16 |
| 15 | Калыгулова Э.С. | Башталгыч класс, музыка | 18 | | | | 18 |
| 16 | Таалайбекова М.Т. | Орус тили жана адабияты | 12 | 3 | | 1 | 16 |
| 17 | Тулелиев С.Дж. | Дене тарбия, АЧД | | 10 | 8 | | 18 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | Темирбекова А.С. | Даярдоо классы | | | | | 15 |
| | Бардыгы: | | | | | | 297 |

Мындан ары 2022-2023-окуу жылында кошумча окуу жүктөмдөрдү бөлүштүрүү окуу тарбия иштериндеги милдеттемелерди аткаруу багытында төмөнкү тартипте жүктөмдөр белгиленди.

**2.2. 2022-2023-окуу жылында мектептеги усулдук бирикмелердин башчылары болуп төмөнкү мугалимдер бекитилди.**

1. Акматалиева Н.К. – директор алдындагы кеңештин башчысы;
2. Бейзеева Ж.К. – усулдук кеңешменин жетекчиси;
3. Бейшебаева З.Т. – соцпедагог, класс жетекчилер секциясынын жетекчиси;
4. Кыдырмаева Д.М. – гуманитардык бирикменин башчысы;
5. Бектурова С.К. – так илимдер бирикмесинин жетекчиси;
6. Бообекова Н.Ж. – башталгыч класстар бирикмесинин жетекчиси;

Бейзеева Ж.К. сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө мектептеги усулдук бирикме жетекчилери мектептин ички планына ылайык бардык иш-план, жетишкендиктер өз убагы менен болгонун белгиледи. Ар бир усулдук бирикме декадаларды өткөрүштү. Ачык сабактарды көргөзүштү. Былтыркы окуу жылында 2022-2023-окуу жылында мектепте методикалык иштин маселелери төмөндөгүдөй:

- методикалык иштин абалын анализдөө;
- мугалимдердин жана окуучулардын чыгармачылыгын, алдыга койгон максаттарын, маселелерин жайылтуу;
- ар тараптуу өнүгүүлөрдү колдоо;
- мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өз убагында жогорулатууга шарт түзүү;
- талантуу окуучулар менен иш алып баруу;
- окуу процессинде заманбап окутуунун технологияларын колдонуу;
- окуу тарбия иштерин жүргүзүүдө жаш адистерге жардам берүү;

**2.3. 2022-2023- окуу жылында жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү үчүн төмөнкү тажрыйбалуу мугалимдер насаатчы мугалим болуп бекитилсин:**

| Устат мугалим. | Шакирт мугалим |
|---|---|
| ▪ *Бектурова С.К.* | *Касымалиева А.Т.* |
| ▪ *Айдаркулова А.Н.* | *Крыкбаева Э.Э.* |
| ▪ *Калыгулова Э.С.* | *Темирбекова А.С.* |

**2.4. Класс жетекчилери болуп төмөнкү мугалимдер бекитилди:**
**Даярдоо классы Темирбекова А.С.**

- ✓ 1-класс Бейзеева Ж.К.
- ✓ 2-класс Калыгулова Э.С.
- ✓ 3-класс Бообекова Н.Ж.
- ✓ 4-класс Аманкулова А.М.
- ✓ 5-класс Таалайбекова М.Т.
- ✓ 6-класс Бейшебаева З.Т.
- ✓ 7-класс Койчукенова Ч.К.
- ✓ 8-класс . Айдаркулова А.Н.
- ✓ 9-класс Каланбаева А.К
- ✓ 10-класс Бектурова С.К.
- ✓ 11-класс Кыдырмаева Д.М.

**2.5. 2022-2023- окуу жылында предметтик кааналардын башчылары болуп төмөнкү мугалимдер бекитилсин жана аларга келишимдин негизинде класстык бөлмөлөр тапшырылсын:**

- № 1 башталгыч класс Бообекова Н.Ж.
- № 2 башталгыч класс Аманкулова А.М.
- № 3 башталгыч класс Темирбекова А.С.
- № 4 башталгыч класс Калыгулова Э.С.
- № 5 башталгыч класс Бейзеева Ж.К.
- № 6 кыргыз тили Бейшебаева З.Т.
- № 7 усулдук бөлмө Бейзеева Ж.К.
- № 8 информатика Бейзеева Ж.К.
- № 9 англис тили Койчукенова Ч.К.
- №10 математика Бектурова С.К.
- №11 директор б. Акматалиева Н.К.
- №12 химия Крыкбаева Э.Э.
- №13 физика Касымалиева А.Т.
- №14 Манас Кыдырмаева Д.М.
- №15 китепкана Калыгулова Э.С.
- №16 профилактика Бейшебаева З.Т.
- №17 тарых Айдаркулова А.Н.
- №18 орус тили Шералиева В.Э.
- №19 спорт зал Тулелиев С.Дж.
- №20 ашкана Сакенова Р.О.
- №21 устакана Бейшебаева З.Т.
- №22 Эмгек Каланбаева А.К.

**2.6. 2022-2023- окуу жылында мектепке чейинки уюмдарга катышпаган эрте курактагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана аларды андан ары социалдык жактан адаптациялоо максатында уюштурулган даярдоо классынын 480 сааттык «Нариете» программасы боюнча жумалык 15 саат окуу жүктөмү башталгыч класстар мугалими Темирбекова Айзатка берилсин.**

| | Предметтик чейрелер | Сааттардын (сабактардын) саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жума | ай | окуу жылы |
| 1 | Дене өстүрүү | 2 | 8 | 64 |
| 2 | Айлана чөйрө менен тааныштыруу | 1 | 4 | 32 |
| 3 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | 2 | 8 | 64 |
| 4 | Сабат ачуу | 3 | 12 | 96 |
| 5 | ЖМТК Конструкциялоо | 3 | 12 | 96 |
| 6 | Ийлеп чаптоо/Аппликация | 1 | 4 | 32 |
| 7 | Сүрөт тартуу | 1 | 4 | 32 |
| 8 | Экинчи тил (орус тили) | 2 | 8 | 64 |
| 9 | Бардык сааттар (сабактар) | 15 | 60 | 480 |

**2.7. 2022-2023-окуу жылында жөндөмдүү окуучулар менен иштөө үчүн предметтик ийримдерди уюштуруу, окуучуларды олимпиадага даярдоо, бүтүрүүчү класстын окуучуларын Жалпы Республикалык Тестке даярдоо үчүн төмөнкү мугалимдерге кошумча сааттар бекитилсин:**

| № | ФИО | Сааттар |
|---|---|---|
| 1 | Кыдырмаева Д.М. | 2 |
| 2 | Бейшебаева З.Т. | 2 |
| 3 | Айдаркулова А.Н. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Койчукеновач.К. | 2 |
| 5 | Койчукенова Ч.К. | 2 |
| 6 | Бектурова С.К. | 2 |
| 7 | Крыкбаева Э.Э. | 2 |
| 8 | Жунушакунова А.Ж. | 2 |

**2.8. 2022-2023-окуу жылында мектептеги ийримдерге төмөнкү мугалимдер бекитилди.**

1. Жунушакунова А.Ж. – «Жаш техник»
2. Таалайбекова М.Т. – «Занимательная грамматика»
3. Тулелиев С.Дж. – «Дене тарбия»

Быйылкы окуу жылында мектеп компоненти 5-класска орус тили, 8-класста география жана 10-класста сабактарына бөлүндү. Жогорудагы компоненттер, билим сапатын жакшыртуу максатында окууну дагы да тереңдетүү үчүн, УБ отурумунун чечиминин негизинде бөүштүрүлүп берилди.

Ар бир мугалим сабакта өзүнүн сабагынын жүгүртмөсүнө ылайык келип, сабак өтүш керек экенин белгиледи. Азыркы мезгилде эң коркунучтуу, жугуштуу оору катары COVID-19 экенин баарыбыз билебиз. Республика боюнча “жалпы эмдөө” жүргүзүлүп жатат. Вакциналар илимдер системасында вирустарды жана бактерияларды таанууга жана аларга каршы күрөшүүгө даярдайт.Жалпы коллективде вакцина алган мугалимдер көп болуп калганы да белгиленди.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан Токтом кылат:**

1. Жалпы педогогикалык жамааттын сабактары активдештирилсин;
2. Иш кагаздар туура жана так жүргүзүлсүн;
3. Усулдук бирикменин жетекчилери пландалган иштерди так жүргүзүп, отчетторду өз убагында окуу бөлүмүнө тапшырышсын;
4. Класстык журналдар, календардык пландар, күндөлүк сабактын планы усулдук бирикме жетекчилери аркылуу текшерилип, өз убагында окуу бөлүмүнө отчет берилсин;
5. Насаатчы мугалимдердин жаш адистер менен иштөөсү активдештирилсин;

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылсын.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**3-маселе** боюнча мектеп директору Акматалиева Нуризанын билдирүүсү угулду. Ал мектептин жалпы жылдык иш планы менен кеңешме мүчөлөрүн тааныштырды.
-Жалпы иш-чаралар;
-Көзөмөлгө алынуучу иш-чаралар;
-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын аткарылышы;
-Педагогикалык кадрлар менен алып барылуучу иштер;
-Педагогикалык кеңешменин иш планы;
-Директор алдындагы кеңешменин иш планы;
-Ата-энелер менен иштөөнүн иш планы менен тааныштырып өттү.
(Мектептин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планы тиркелет.)

**Мектептин жылдык иш планы талкууланып кеңешме бир добуштан токтом кабыл кылат:**

1. Мектептин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планы толугу менен кабыл алынсын;
2. 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планынын негизинде окуу тарбия иштери жүргүзүлсүн;
3. 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планын бекитип берүү Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна тапшырылсын;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалыккеңешменинкатчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**4-маселе. Уюштуруу иштери жаңы окуу жылына карата жаңы багыттар.**

**Мектеп директору Акматалиева Н.К. башталгыч класстын окуучуларына берилүүчү ысык тамактын уюштурулушу жөнүндө сүйлөдү.**

**Угулду:** 2022-2023-окуу жылында башталгыч класстардын окуучуларына берилүүчү ысык тамакты сапаттуу уюштуруу, окуучулардын ден соолугун чыңдоо, санитариялык-гигиеналык талаптарды аткаруу жөнүндө төмөнкүлөрдү билдирди.

1. 2022-2023-окуу жылында башталгыч класс окуучуларына берилүүчү ысык тамактын уюштурулушун камсыз кылуу ашпозчу Сакенова Роза Окуновнага тапшырылат.
2. Башталгыч класс окуучуларына берилүүчү ысык тамактын сапатын, менюну нормативдик талаптардын негизинде түзүлүшүн, сапаттуу азык-түлүктөрдүн өз убагында жеткирип, окуучуларга берилишин санитариялык-гигиеналык эрежелердин жана ченемдердин сакталышын көзөмөлдөө максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлдү.
   - Акматалиева Н.К – комиссиянын төрайымы
   - Бейшебаева З.Т. – тарбия иштеринин уюштуруучусу
   - Бообекова Н.Ж. – башталгыч классынын мугалими
   - Калыгулова Э.С. – башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү
   - Аманкулова А.М. - башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү
   - Бейзеева Ж.К. - башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү
3. Ашканадагы эмеректер, идиш-аяктардын абалын талап деңгээлинде сактоо, азык-түлүктөр даярдалуучу, сакталуучу бөлмөнүн санитардык-гигиеналык эрежелерин аткаруу, кайнатылган ичимдик суусу менен камсыздоо, өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча көзөмөлдөө мектептин тарбия иштеринин уюштуруучусу Бейшебаева З.Т.га жана ашкана кызматчысы Сакенова Р.О.га жүктөлдү.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Ашканада вирустук режимге ылайык дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоо иштери жүргүзүлсүн;
2. Ашкана кызматкери Сакенова Р.О. тамак берүүдө санитардык эрежелерди сактоо менен жургналды толтуруу 3-класстын класс жетекчиси Бообекова Н.Ж. коштоосу менен иштешсин;

3. Окуучуларга, ата-энелерге туура тамактануу, гигиена жөнүндө маалымат берүү максатында ашкананын ичинде маалымат такталары илинсин жана түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн;
4. Жогорудагыларды аткаруу жана көзөмөл болуу тарбия иштеринин уюштуруучусу Бейшебаева З.Т.га жана ашкана, ысык тамак боюнча жооптуу Бообекова Н.Ж. га жүктөлсүн;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы: Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы: Койчукенова Ч.К.**

Жаңы багыттар боюнча мектептин директору Акматалиева Н. сүйлөдү:

**Мугалимдер өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө төмөндөгүлөргө милдеттүү болушсун:**

-Окуучуларды тарбиялоодо адептүүлүккө, ыймандуулукка, ата-энени сыйлоого, маданий баалуулуктарды сактоого жана курчап турган чөйрөгө аяр мамиле жасоого үйрөтүүгө;
-Эмгек тартибин түздөн түз сактоого;
-Жамаат ичинде туруктуу жана позитивдүү моралдык-психологиялык абалды түзүүдө үлгү болууга;
-Кызматтык милдетин аткарууда мугалимдин кийимине, иш стилине ылайык болууга;
-Ар бир адамдын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык, кызматтык абалына карабастан анын укугун, намысын, адамкерчилигин сыйлоого;
-Кесиптик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө жана кемчиликтерди жоюуда коомчулук тарабынан айтылган сын пикирге сабырдуулук менен мамиле жасоого;
- Кесиптештеринин ичинде мугалим моралдык этиканын нормаларын сактоого милдеттүү;
-Мугалимдердин моралдык- этикалык нормаларды сактоо эрежелери педагогикалык кеңеште каралып, дайыма талкуулансын,-деди.
- “Мыйзамсыз акча чогултпоо” боюнча чыгарылган буйрук менен коллективди тааныштырып, ар бир мугалим мыйзам чегинде гана иш алып баруусу керек, -деп белгиледи.
- Мектепте электр энергиясын сактоо максатында кабинеттерде жарык өз убагы менен күйүп жана өчүрүлсүн,- деп эскертти.

- Окуучулардын мектеп ичинде класстан-класска которулушу, ата-энелердин жазган арыздарына жараша гана жүргүзүлөөрүн айтты. Ошондой эле жалпы жамаатты жаңы окуу жылына карата өтүлө турган педагогикалык кеңешмелердин темалары менен тааныштырды.

-Өзүн-өзү баалоо отчетун түзүүдө буга чейинки жасалган иш-кагаздары канааттандыраарлык экенин баса белгиледи. Октябрь айында өтүлө турган аккредитацияга мугалимдердин отчетторду так берүүсүн өтүндү. Ал боюнча түзүлгөн комиссия курамы мугалимдер менен тыгыз иш алып баруулары керектигин баса белгиледи.

- Электрондук күндөлүк жана электрондук журналдарды колдонууну тереңдетүү керектигин айтып өттү.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, пед.кеңешме бир добуштан**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жаңы окуу жылындагы мугалимдердин милдеттенмелер толу кишке ашырылсын;
2. Аккредитацияга материалдарды даярдоо күчөтүлсүн;
3. Электрондук күндөлүк жана электрондук журналдар колдонуу тереңдетилсин.
4. Жогорудагыларды аткаруу көзөмөлү окуу бөүмүнүн башчысы Бейзеева Ж.К.га жана аккредитация комиссияларына милдеттендирилсин;
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын;

**Педагогикалыккеңешмениинтөрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалыккеңешмениинкатчысы:** **Койчукенова Ч.К**